Кырг
83.8
К 16

Үмүт Какеева

# Тазабектин түшү



УДК 821.51-93
ББК 83.84
К 16

Какеева, Үмүт
К 16 Тазабектин түшү / сүрөт. И Абдыжапаровю - Б.:
Принт Медиа, 2023. - 12 б.

ISBN 978-9967-495-23-4

Copyright © 2023, Бул чыгарма Creative Commons Attribution 4.0 Эл аралык лицензиясы ( https://creativecommons.org/licenses /by/4.0/) боюнча лицензияланган

http: // creativecommons.org/licenses/by/4.0/
Бул ишти коммерциялык максаттарда [illegible] Бул чыгарманы адаптациялап, толуктай аласыз. Авторлордун, иллюстраторлордун ж.б. автордук укугун [illegible] сактадыңыз керек.

РБДЮ им. К. Баялинова
ИНВ № 34429 б/ф

34429 б/ф

РБДЮ им. К. Баялинова
БАЛАЛЫК

ISBN 978-9967-495-23-4

УДК 821.51-93
ББК 83.84

Created with Bloom

83.8
К16

Үмүт Какеева

# Тазабектин түшү



*Сүрөтчү*
*Ильяз Абдыжапаров*

РБДЮ им. К. Баялинова
БАЛАЛЫК


Бишкек 2023





Тазабек дайыма тиш жуугандан эринет. Кээде унутуп калат. Кээде шашып чала жууйт. Тиш пастаны дайыма эле колдоно бербейт. Кээде тиш шотке менен эле жууп коёт.

“Бир күн жуубай койсом эч нерсе болбойт. Эртең жууйм”, – деп Тазабек уктап калды. Ошол түнү Тазабектин тиштери абдан жүдөдү.






– Бизди жууп койсо, сергип калат элек. Оф-и-ий, пияздын жагымсыз жыты келип жатат. Дем ала албай кеттик! – деди кашка тиштер.



– Эт тыгылып калган окшойт. Өйкөп жатат. Тыгылган этти чыгарып койсо болмок, – деп капаланды астыңкы азуу тиштер.

– Ой, бул күрүч менен момпосуйдун калдыгыбы? Жармашып, жүдөтүп жиберди, – деп кыйкырды үстүңкү азуу тиштер.



Кашка тиштер:


– Ак түсүбүз саргайып кетти. Мурункудай жаркырабай калдык. Кола, чай ичкенден кийин бизди жууп коюш керек эле.






– Эмнеге бизди тазалабайт, кариес болуп ооруп калсак эмне кылат?

– Биз жок болсок, Тазабек тамакты кантип чайнайт?




– Биз жок болсок, тыбыштарды кантип так айтат?

– Биз жок болсок, Тазабек кантип күлөт? Тиши жок, тиши жок деп баары аны шылдыӊдайт да, – деп чуулдашты тиштер.




– Менде бир ой пайда болду. Эртең да Тазабек бизди тазалабаса, качып кетели, – деди тиштердин бири.

Бул пикир башка тиштерге жакты. Баары бир ооздон макул болушту.



– Кандай жыргал! Бизге майрам болот экен! Биз жей турган даамдуу тамактар бул жакта мол турбайбы. Ура-а-а! – деп сүйүнүштү бактериялар.

РБДЮ им. К. Баялинова
ИНЗ № 34429 б/ф



Тазабек түшүнөн чочуп ойгонду. Тиштерин дароо карай калды. Баары эле ордунда экен!



Байкуш тиштерим качып кетпептир деп сүйүндү. Тиш жуугуч шоткеге пастадан сыгып алды. Анан тиштерин жууп чыкты.

Достор, тишти жуугандын кандай пайдасы бар деп ойлойсуңар?

20с

РБДЮ

34429 б/ф

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ

USDA

USAID АМЕРИКАНЫН ЭЛИНЕН

MERCY CORPS

RTI INTERNATIONAL

Бул китеп АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) жана АКШнын айыл чарба департаменти (USDA) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосу менен Мерсико (Mercy Corps) жана Рисерч Траэнгл Институт (Research Triangle Institute, RTI) уюмдары тарабынан ишке ашырылып жаткан Мак-Говерн-Доулдун «Билим үчүн азык жана балдардын тамактануусу» программасынын алкагында басылып чыкты. Китептин мазмуну USAIDдин, USDAдин же АКШ Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.

*Автор*
*Үмүт Какеева*
*Сүрөтчү*
*Ильяз Абдыжапаров*

Бул жана башка электрондук китептерди QR- код аркылуу окусаңыз болот

1-класс
- 1.1 деңгээли
- 1.2 деңгээли
- 1.3 деңгээли

2-класс
- 2.1 деңгээли
- 2.2 деңгээли

3-класс
- 3.1 деңгээли
- 3.2 деңгээли

4-класс
- 4.1 деңгээли
- 4.2 деңгээли

«Print Media» ЖЧК-да басылды. Нускасы 5200